<table>
<tr><td>Документтин шифри<br>Q-2024-0019</td><td rowspan="2">Ош мамлекеттик университети</td></tr>
<tr><td rowspan="3">ОК № 7 токтому 07.05. 2024<br>Ректордун №2021-ФХД/24 (08.05.2024 ) Буйругу менен бекитилен</td></tr>
<tr><td>САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ</td></tr>
<tr><td>ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобонун №4 тиркемеси<br>Эксперименталдык окуу планын иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча инструкция</td></tr>
</table>

# Эксперименталдык окуу планын иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча ИНСТРУКЦИЯ

## Жалпы жоболор

Лицензиялануучу билим берүү программасынын мамлекеттик билим берүү стандарты жок болгон учурда эксперименталдык окуу план иштелип чыгат жана анын негизинде “мөөнөттүү лицензия” берилет ( интернатура - 1 жылга, орто кесиптик билим берүү 1 жыл 10 айдан 3 жыл 10 айга чейин, бакалавр - 4 жылга, магисртатура - 2 жылга, медицина - 6 жылга).

Лицензия берилгенден тартып билим берүү программасынын стандарттык окуу мөөнөтү бүткөнгө чейинки жыл ичинде билим берүү стандарты жана негизги/ кесиптик билим берүү программасы (НББП жана НКББП) иштелип чыгарылышы шарт. Белгиленген Аталган документтер иштелип чыгарылбаса лицензиялоо түзүмү тарабынан лицензия мөөнөтүнөн мурда кайтарылып алынат.

## Эксперименталдык окуу планын иштеп чыгууда төмөндөгүлөр эске алынууга тийиш:

- *ОшМУда өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандартына шайкеш болуусу;*
- *ОшМуда өз алдынча иштелип чыккан стандарттардын макетине (мындан ары макет) жана анын тиркемелерине ылайык болуусу;*
- *Окуу планындагы дисциплиналардын үзгүлтүксүздүгү жана өз ара байланышына ылайык дисциплинаралдын ырааттуулугун камсыз кылуу;*
- *Бардык циклдагы окуу дисциплиналарын милдеттүүлүк даражасы боюнча «А», «В» жана «С» топторуна рационалдуу бөлүштүрүүнү камыз кылуу.*

Эксперименталдык окуу планды иштеп чыгуу үчүн атайын жумушчу топ түзүлөт. Жумушчу топ 9 адамдан кем эмес болууга тийиш жана жумушчу топтун курамынын 1/3 бөлүгү университеттин профессордук-окутуучулар жамаатынан, 1/3 бөлүгү башка окуу жайлардын профессордук-окутучулар жамаатынан, 1/3 бөлүгү өндүрүштөн (иш берүүчүлөрдөн) түзүлөт.

## Эксперименталдык окуу планды иштеп чыгуу жана бекитүүнүн тартиби

| Кадамдар | Аткарылчуу иштер | Кадамдарга жооптуулар |
|---|---|---|
| 1 | Эксперименталдык окуу планын иштеп чыгуу үчүн бүтүрүчү структура жумушчу топтун курамын түзөт жана бекитүү үчүн ректорго билдирүү берет, ректордун буйругу менен жумушчу топ бекитилет. | Бүтүрүүчү структура (кафедра/ПЦК/бөлүм) |
| 2 | Бүтүрүүчү структура тарабынан иштелип чыккан эксперименталдык окуу пландардын ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү | Билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын |

| | | |
|---|---|---|
| | жана өзгөртүү жөнүндө жобосуна жана анын тиркемелердеги талаптары боюнча шайкештиги техникалык кароодон өткөрүлөт. | сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаменти |
| 3 | Окуу-усулдук бирикменин (мындан ары ОУБ) тармактык комитетинде талкууланып, бүтүм алынат жана ОУБдун Координациялык кеңешине макулдашууга жөнөтөт. | ОшМУнун ОУБнин тармактык комитети |
| 4 | Тармактык комитеттен оң бүтүм алган эксперименталдык окуу планды Координациялык кенешке жөнөтүлөт. Координациялык кеңен ички – ченемдик актылардын негизинде талдап, университеттин Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунуштайт | ОУБ координациялык кеңеши (төрагасы- окуу иштери боюнча проректор) |
| 5 | Координациялык кеңеш тарабынан сунушталган экспериментaлдык окуу пландары университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан жактырылат, ректордун буйругу менен бекитилет. | ОшМУнун окумуштуулар кеңеши (ректор) |

## Эксперименталдык окуу планынын үлгүсү жана ага түшүндүрмө

| **Блоктор** | **Циклдер** | **Циклдин багыттары** | **Дисциплиналар** | **“А”** | **"В"** | **"С"** | **1-окуу жылы** | | **2-окуу жылы** | | **3-окуу жылы** | | **4-окуу жылы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | 1-семестр | 2-семестр | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр | 7-семестр | 8-семестр |
| 1-блок | 1-цикл. Жалпы билим берүү | Тилдик жана коммуникативди көндүмдөр | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Soft skills көндүмдөр | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Дене тарбия | | | | | | | | | | | | |
| | 2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү | Жалпы кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | |
| | 3-цикл. Кесиптик билим берүү | Кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | |
| 2-блок | Практикалар | | | | | | | | | | | | | |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | | | | | | | | | | | | | |

Эксперименталдык окуу планындагы дисциплиналар милдетүүлүк даражасы боюнча 3 топко бөлүнөт, алар **«А», «В»** жана **«С»** топтору.

**“A”** тобундагы дисциплиналарды жумушчу топ аныктайт жана  семестрлери так көрсөтүлүүгө тийиш.

**“A”** тобундагы дисциплиналарды, алардын ыраатуулугун, семестрлерин жумушчу топ аныктайт жана  семестрлери так көрсөтүлүүлүгө тийиш.

Макетте **“B”** тобуна берилген Жалпы билим берүү циклинин  багыттарынын дисциплиналары базалык окуу планга өзгөртүүсүз жана милдетүү түрдө киргизилип, **“B”** тобуна пландаштырылат. Жалпы билим берүү циклиндеги “дисциплиналар каталогундагы” дисциплиналардын бирөө гана базалык окуу планга киргизилет жана аны жумушчу топ аныктайт.  **“B”**  тобундагы дисциплиналарга перереквизит талап кылынбайт жана семестрлердин ырааттуулугу мааниге ээ эмес.  “B”  тобундагы дисциплиналарды студент өзү каалаган семестрге пландаштырып окуйт.

Кесиптик циклге тиешелүү **“B”** тобундагы дисципиланаларды базалык окуу планын иштеп чыгуучу жумушчу топ аныктайт.

**“C”** тобуна дисциплиналарды базалык окуу планын иштеп чыгуучу жумушчу топ аныктайт жана тандоого 3 төн кем эмес дисциплина сунушталат. Тандоого коюлган дисциплиналар мазмуну жактан тектеш болуусу мүмкүн, ошондуктан тандоого коюлган дисциплиналардын ичинен студент өзү калаган дисциплинаны тандайт жана окуу планында сунушталган семестрде гана окуйт.